**“БЕКИТЕМИН”**
**Борбордук Азиядагы Америка униерстетинин**
**академиялык иштер боюнча вице-президенти**
**доктор Укуева Нургуль Бейшенбековна**

Куттубекова Венера Мамбеталиевнанын “Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш маданияты (этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде)” аттуу 07.00.07 – этнография, этнология, антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын ачык коргоого карата жетектөөчү мекеме болгон Борбордук Азиядагы Америка университетинин Антропология, технология жана эл аралык өнүгүү программасынын

# ПИКИРИ

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу жана анын жалпы илимий, мамлекеттик программалар менен байланышы.**

Венера Мамбеталиевна Куттубекованын тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган эмгеги кыргыз этнография жана этносоциология илимдеринде тамак–аш маданиятындагы аймактык өзгөчөлүктөрдү изилдөөгө арналган алгачкы илимий иштердин бири болуп саналат.

Баарыбызга белгилүү болгондой, тамак–аш маданияты материалдык маданияттын баалуулуктарынын бири. Азыркы мезгилге чейин, Кыргызстандын ар кандай аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн руханий жана материалдык байлыктарында бири-биринен айырмаланган өзгөчөлүктөр байкалат. Ар бир элге тиешелүү улуттук тамак-аштардын бүтүндүгүн, аймактарга бөлүнгөн тамак-аш маданиятынын курамдары түзөт.

Совет доорунда, башкача айтканда 1917-1991-жж. чейинки мезгилдин ичинде Чүй жана Талас аймактарынын кыштак жерлеринде жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятындагы салттык эрежелердин жана алардын жаңылануусунун өзгөчөлүктөрүн, күнүмдүк жана көп эл катышкан салтанаттарда өткөрүлчү каада-салттарында, үрп-адаттарында, ырымдарында

колдонулган тамак-аштар жана алардын түрлөрүн этнографиялык жана этносоциологиялык баяндамалардын негизинде изилдеп чыгуу сөзсүз түрдө илимий кызыгууну туудуруп, изилдөөнүн актуалдуулугун жогорулатат.

Кыргызстандын Чүй жана Талас аймактарында кыргыз үй-бүлөлөрүнүн арасында жүргүзүлгөн чарбалык, маданий, социалдык өзгөрүүлөрдүн жана кыргыз элине тиешелүү бириктирүү багытында жүргүзүлгөн жүрүмдөрүнүн, Кыргызстанда жашаган улуттардын, элдердин жакындашууларынын таасири астында кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшү, өзгөрүшү этнографиялык жана этносоциологиялык көз караштa илимий талдоого алынган.

Изденүүчү жазылган диссертацияда көтөрүп жаткан изилдөө маселенин ***актуалдуулугун***:

*биринчиден*, кыргыз этнографиясында жана этносоциологиясында совет мезгилинде Чүй жана Талас аймактарынын кыштак жерлеринде жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маанданиятынын өнүгүшүн илимий негизде талдап чыгууда практикалык зарылчылыка;

*экинчиден,* азыркы мезгилге чейин Чүй жана Талас аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданияты деректүү этнографиялык жана этносоциологиялык маалыматтардын негизинде диссертациялык деңгээлде комплекстүү изилдөөнүн болбогондугу менен байланыштырган.

Коюлган маселенин актуалдуулугу диссертациянын киришүү бөлүмүндө берилип, жетишээрлик денгээлде аныкталган. Диссертациялык изилдөөнүн темасы башка илимий багыттар, программалар жана мамлекеттик илимий изилдөө иштери менен айкалышпайт.

**2. Диссертацияга коюлган талаптардын алкагында иштин илимий жыйынтыктары.**

Диссертант өзүнүн илимий ишинде төмөндөгүдөй жыйынтыктарды чыгарган:

*1-жыйынтык.* Автор тарабынан совет мезгилинде Чүй жана Талас өрөөндөрүндө жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшүн мүнөздөө максатында, алгачкы жолу этносоциологиялык изилдөөлөрдү жүргүзгөн жана бир кыйла ишенимдүү маалыматтарды чыгарган.

*2-жыйынтык.* Изденүүчү аталган көйгөйлөрдү изилдөөдө этносоциологиялык материалдардан сырткары классикалык этнографиялык талаа изилдөөлөрүнүн материалдарын кеңири колдонгон.

*3-жыйынтык.* Автор совет мезгилинде Чүй жана Талас аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшүнө экологиялык, чарбалык, социалдык, маданий факторлордун жана улут аралык жакындашуулардын, шаар менен болгон байланыштардын тийгизген таасирлерин аныктап көрсөткөн.

*4-жыйынтык.* Диссертациялык иште аймактардын изилденген кыштактарында мал чарбачылыгынын, дыйканчылыктын, жашылча-жемиш өстүрүүчүлүктүн, багбанчылыктын тамак-аш маданиятынын өнүгүшүнө тийгизген таасирлерин даректүү баяндамалар менен тастыктаган.

*5-жыйынтык.* Изилденген аймактарда жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүш, өзгөрүш багыттарын маңыздуу маалыматтар менен көрсөтө алган.

**3. Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли.**

Изденүүчү диссертациялык изилдөөсүндө булак катары колдонгон этнографиялык жана этносоциологиялык маалыматтарын системага келтирген жана аларды талдоодо, теориялык жактан жалпылоодо тиешелүү илимий усулдарды, ыкмаларды пайдаланган. Коргоого сунушталган жоболор менен чыгарылган тыянактар объективдүү, далилдүү маалыматтарга негизделген. Ар бир жаңы алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди негиздүү жана ынанымдуу далилдей алган. Илимий

айлампага киргизилген этнографиялык жана этносоциологиялык материалдарды изилдөөдө илимий принциптер жана ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ийгиликтүү ишке ашырууда өбөлгө болгон.

Каралып жаткан иштин илимий жыйынтыктарынын негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли катары төмөнкү жыйынтыктарды белгилеп кетүүгө болот.

*Биринчи,* совет мезгилинде Чүй жана Талас аймактарында жашаган кыргыз уруулук бирикмелеринин көчмөн жана жарым көчмөн мал чарбачылыгынан отурукташкан кыштактарга өтүүсү жана алардын арасында сугат дыйканчылыгынын, жашылча, жемиш өстүрүүчүлүктүн, балыкчылыктын, багбанчылыктын тарашы даректүү материалдар менен тастыкталган.

*Экинчи,* ар бир изилденген этнографиялык объектин курамына кирген түрдүү кыргыз урууларынын ортосундагы ички консолидациялык биригүүнүн негизинде тамак-аштагы уруулук өзгөчөлүктөр жоюлуп, жалпы кыргыз элине тиешелүү тамак-аш маданиятынын калыптангандыгы даректүү баяндамалар менен талдоого алынган.

*Үчүнчү,* изилденген аймактарда жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-ашындагы мөөнөттүк чектөөлөрдүн өткөн кылымдын ортосунан тартып жоюла баштагандыгын даректүү этнографиялык мисалдар менен ачып бере алган.

*Төртүнчү,* кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятына чогуу бир кыштакта же кошуна жайгашкан кыштактарда жашаган дини бир, тили бир үй-бүлөгө кирген казактардын, татарлардын, башкырлардын, уйгурлардын жана орус, украин, немец калктарынын тийгизген таасирлерин этнографиялык жана этносоциологиялык далилдүү материалдар менен бышыктаган.

*Бешинчи,* шаарларда жашаган кыргыз калкынын жана шаарлардагы тамак даярдоочу ишканалардын кыштак жерлеринде жашаган кыргыз үй-

бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятына тийгизген тассирлерин даректүү этнографиялык баяндамалар менен жеткиликтүү деңгээлде ачып бере алган.

**4. Диссертациялык иште алынган илимий жыйынтыктардын ички биримдигин баалоо.**

В.М. Куттубекованын диссертациясынын илимий жыйынтыктары, корутундусу жана практикалык сунуштары диссертациялык иштин максаты жана милдеттеринен келип чыккан жоболорго жооп берет. Автордун жекече салымы катары илимий изилдөөнүн жүрүшүндө каралып жаткан маселенин бардык аспектилери, чогултулган материалдар системага келтирилип комплекстүү түрдө иликтенген. Пикирибизде, диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгарылган актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдиги жана багыттуулугу толук жетишилген деп саноого болот.

**5. Диссертациянын мазмунунун автордун жарыялаган эмгектеринде чагылдырылышы.**

Диссертациялык иштин мазмуну боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын (КР УАК) талабына ылайык рецензияланган илимий басылмалардагы 16 макалада жарыяланган. Анын ичинен 5 макала чет өлкөлүк илимий басылмаларда (РИНЦ) жарык көргөн. Жарык көргөн эмгектер упайынын (баллынын) көлөмү боюнча жеткиликтүү 238 (эки жүз отуз сегиз) өлчөмгө ээ болуп, диссертациянын мазмунуна төп келет жана КР УАКы койгон талаптарга жооп берет.

**6. Авторефераттын мазмунунун диссертациялык иштин мазмунуна дал келүүсү.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна толугу менен туура келет. Авторефераттын мазмунунда диссертациянын текстиндеги материалдар чагылдырылган. КР УАКнын талабына ылайык кыргыз, орус, англис тилдеринде диссертациялык иштин кыска резюмеси берилген.

**7. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.**

Венера Мамбеталиевна Куттубекованын тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши жогоруда белгиленген жетишкендиктер менен катар айрым бир мүчүлүштүктөргө ээ болгондугун белгилеп, изденүүчүгө төмөндөгүдөй сын пикир жана сунуштар берилет:

1. Кыргыз советтик республикасынын тамак-ашындагы коопсуздук программалар иштелип чыккандыгы жөнүндө маалыматтар кошулганда илимий иштин маңызы дагы жогорулам ак.,

2. Совет мезгилиндеги тамак-аш маданиятына байланыштуу көбүрөөк аналитикалык жыйынтактарды (тамак-аш жана эс тутум, тамак-аш жана бийлик, тамак-аш жана тамакты кабыл алуу) бергенде диссертациянын деңгээли жогорулам ак;

3. Изилденген өрөөндөрдөгү тамак-аштардын сүрөттөрүн, ага кошумча аталыштарын Тиркемеге бергенде, окурмандардын кызыгуулары көбөймөк;

4. Диссертациянын кол жазмасы редакциялык текшерүүдөн өтсө дагы, анын кээ бир барактарында пунктуациялык жана техникалык мүчүлүштүктөр кетирилген.

**8. Кыргыз Республикасынын окумуштуулук даража ыйгаруу жөнүндө жобосунун экинчи болүгүндө айтылган талаптарга диссертациянын жооп бериши.**

Диссертациялык иш илимий теоретикалык жана методологиялык жагынан жетиштүү деңгээлде жазылып, кыргыз этнографиясында, этносоциологиясында өз алдынча аткарылган илимий эмгек болуп саналат. Борбордук Азиядагы Америка университетинин “Антропология, технология жана эл аралык өнүгүү программасы” “Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш маданияты (этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде)” деп аталган диссертациясынын кол жазмасы Кыргыз Улуттук аттестациялык комиссиясынын талаптарына жооп берет жана изденүүчү Куттубекова Венера Мамбеталиевна 07.00.07 – этнография,

этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейт.

Корутунду пикир Борбордук Азиядагы Америка университетинин “Антропология, технология жана эл аралык өнүгүү программасынын” 2021-жылдын 5-ноябрында өткөн атайын отурумунда талкууланган (протокол № 4.).

**Талкууга катышкан окумуштуулардын тизмеси:**

Турдалиева Ч.Дж. - т.и.д., профессор, программанын башчысы;

Абдыканова А.К. – т.и.к., доцент;

Токтогулова М.Ы. – филол.и.к., доцент;

Насритдинов Э.З. – шаардык пландоонун (PhD) доктору;

Рахимов Р.М. – социалдык антропологиянын (PhD) доктору;

Такахаши Ю. – антропологиянын магистри;

Ибраева Г.Ж. – антропологиянын магистри.

**Борбордук Азиядагы Америка университетинин**
**“Антропология, технология жана эл аралык**
**өнүгүү программасынын” жетекчиси** **Турдалиева Ч.Дж.**

AUCA OFFICIAL DOCUMENTS ОФИЦИАЛЬНЫЕ ДОКУМЕНТЫ

«КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Б. ДЖАМГЕРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ, АРХЕОЛОГИЯ ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ» МЕКЕМЕСИ
«ИНСТИТУТ ИСТОРИИ, АРХЕОЛОГИИ И ЭТНОЛОГИИ ИМ. Б. ДЖАМГЕРЧИНОВА НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ»
ИНН 02003199710104
№ 04-8/44
«10» 11 2021 ж/г.
город БИШКЕК ш.

Уч секр. Д 07.21.628